# Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин 2025-2026-окуу жылынын I жарым жылдыгы үчүн кураторлук отчет

**Тайпа:** 1-фарм 1-25
**Куратор:** Жаанбаева З.Н.

**1. Уюштуруу иштери жана студенттердин адаптациясы**

Сентябрь айында студенттерди колледждин ички тартиби жана окуу процесси менен тааныштыруу иштери жүргүзүлдү.

**Тайпалык түзүм:** Группа менен таанышуу иштери жүрүп, староста жана активдер тандалды.

**Документация:** Ар бир студенттин жеке маалыматтары топтолуп, портфолиолору түзүлдү. Куратордук журнал ачылып, ар бир куратордук саатын протоколдору жазылып турат.

**Тартип жана этика:** ОшМУнун "Студенттердин жүрүм-турум кодекси" тааныштырылып, студенттер адептүүлүккө жана жоопкерчиликке багытталды.

**2. Окуу-тарбиялык иштер**

Студенттердин билим сапатын жогорулатуу жана окуу системасына көнүктүрүү максатында төмөнкү иштер аткарылды:

**Окуу системасы:** Модулдук-рейтингдик система, кредиттик технология жана сессиянын талаптары (учурдук, чектик көзөмөлдөр) боюнча кеңири түшүндүрмөлөр берилди.

**Мониторинг:** Студенттердин сабактарга катышуусу жана жетишкендиктери дайыма көзөмөлдөнүп, артта калган студенттер менен жекече суроо-жооптор өткөрүлдү.

**Кесиптик багыт:** Студенттик стартаптар жана ОшМУнун стартап борбору менен таанышуу иштери жүрдү.

**3. Идеологиялык жана маданий-иш чаралар**

Студенттердин патриоттук жана рухий сезимдерин ойготуу максатында маанилүү даталар белгиленди:

**Мамлекеттик тил:** 23-сентябрь Тил майрамына карата «Улук болсом тилим менен улукмун, Улут болсом тилим менен улутмун» деген темада дил баяндар жазылды.

**Достук жана ынтымак:** Улуттар аралык ынтымакты бекемдөө боюнча дискуссиялар өткөрүлдү.

**Майрамдык иш-чаралар:** 17-ноябрь — Бүткүл дүйнөлүк студенттер күнүнө карата салтанаттуу кече уюштурулду.

**4. Социалдык-профилактикалык иштер**

**Саламаттыкты сактоо:** Декабрь айында СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата түшүндүрүү иштери жүрүп, таза жашоо образы үгүттөлдү.

**Медиа сабаттуулук:** Социалдык тармактардын оң жана терс жактары талкууланып, студенттерге интернетти туура колдонуу боюнча сунуштар берилди.

**Финансылык тартип:** Окуу келишим акыларын (контракт) өз убагында төлөө боюнча көзөмөл жүргүзүлдү.

**5. Сессия жана жыйынтык**

**Академиялык тазалык:** Январь айында кышкы сессиянын жүрүшүндө академиялык тазалыкты сактоо жана өз алдынча билим алууну көзөмөлдөө иштери жүргүзүлдү.

**Жыйынтык:** Студенттер биринчи жарым жылдыкты ийгиликтүү аяктап, кышкы каникулга узатылды.

**Куратор:** ____________ Жаанбаева З.Н.

Сканировано с CamScanner